DOI:10.26104/IVK.2019.45.557



*Касымбеков Э.А.*

# БАЛДАРДЫ ТАРБИЯЛООДО ҮЙ-БҮЛӨНҮН ОРДУ

*Касымбеков Э.А.*

# МЕСТО СЕМЬИ В ВОСПИТАНИИ ДЕТЕЙ

*E.A. Kasymbekov*

# THE PLACE OF THE FAMILY IN THE UPBRINGING OF CHILDREN

*УДК: 347.635*

*Бул макалада азыркы коомдогу балдардын жүрүм-турумундагы жат көрүнүш сапаттарын жоюу маселелеси каралды. Үй-бүлө өзүнүн мүчөлөрүнө коомдук аң сезимди, өз элинин ыймандык-адептик эрежелерин, жүрүм-турумун адаттарын, стереотиптерин жеткирүүнү, өз мүчөлөрүн тарбиялоону, үй-бүлөдө өз ара мамилелешүү салттарын, чоң муундун кичине муунга үйрөтүүсүн ыймандын рухий тарбия берүүсүн ишке ашырат. Үй-бүлөдө социалдаштыруу бир жактуу процесс эмес, эки жактуу процесс, ата-эне балага гана тарбиялык таасир этпестен балдар да ата-энесине тарбиялык таасир этип аларды өзгөртөт, коомдогу өзгөрүүлөргө ылайык социалдаштырат. Үй-бүлөдө социалдаштыруу жүргөн мезгилде социалдаштыруунун агенттери ата-эне, бир туугандар, чоң-ата, чоң-эне, жакын туугандар, кошуналар,чөйрө ж.б. болуп саналат. Инсан болууда, балдар ар кандай социалдык топтордо мүчө болуп кирип, алардын иш-аракетинин мазмунун өнүгүү деңгээлин аныктайт. Баланы инсан катары социалдаштыруусунда үй-бүлөнүн жана жакын туугандардын, бала-бакчанын, мектептин, окуу жайлардын, эмгек коллективдеринин жана жалпы эле коомдун идеологиясынын таасири чоң.*

***Негизги сөздөр:*** *үй-бүлө, коом, социалдык жүрүм-турум, окуучу, миграция, чөйрө, бала бакча, мектеп.*

*В данной статье рассмотрены вопросы устранения отрицательных сторон в поведении детей в современном обществе. Развитие и воспитание обучаемых в духе открытости, понимания и принятия других народов, признание ценности многообразия культур и истории. Важность данного направления заключается в подготовке обучающихся детей к предупреждению проявлений, порождающих межэтническую, эмоциональную напряжённость. Исходным принципом данного направления является осознание перехода от «человека, образованного» к «человеку культуры» Воспитание и обучение использованию конструктивных средств для разрешения разногласий и конфликтов, отказ от насилия. При этом недопустимо доминирование интерпретаций только собственного народа или группы как жертвы и страдальца в результате действий других народов. Воспитание обучаемых в духе мира, терпимости, гуманного межнационального общения и привития идей альтруизма и уважения к другим народам. Знания понятий «толерантность», «толерантные отношения» выступают важным средством формирования духовного начала и творческого сознания личности. Таким образом, детский сад, школа, семья, общество одним из основных источников для обеспечения качественного образования наряду с формированием физически, интеллектуально-духовно развитой, психологически устойчивой личности детей.*

***Ключевые слова:*** *семья, общество, социальное поведения, ученики, миграция, детский сад, школа.*

*This article deals with the elimination of negative aspects in the behavior of children in modern society. Development and education of students in the spirit of openness, understanding and acceptance of other peoples, recognition of the value of diversity of cultures and history. The importance of this area is to prepare students for the prevention of manifestations of interethnic, emotional tension. The basic principle of this direction is the awareness of the transition from "educated man" to "man of culture" Education and training in the use of constructive means to resolve disputes and conflicts, non-violence. At the same time, it is unacceptable to dominate the interpretations of only one's own people or group as a victim and sufferer because of the actions of other peoples. Education of students in the spirit of peace, tolerance, humane interethnic communication and inculcation of ideas of altruism and respect for other peoples. Knowledge of the concepts of "tolerance", "tolerant relations" are an important means of forming the spiritual principle and creative consciousness of the individual. Thus, kindergarten, school, family, society is one of the main sources for providing quality education along with the formation of physically, intellectually and spiritually developed, psychologically stable personality of children.*

***Key words:*** *family, society, social behavior, students, migration, kindergarten, school.*

Дүйнө жүзүндө жүрүп жаткан глобалдашуу жана маалымат технологиясынын өнүгүү процесстери, кыргыз элинин эгемендүүлүккө ээ болушу, базар экономикасына өтүү, миграциянын күчөшү жана Республикабыздын турмушунда эки жолку (2005- жана 2010-жылдары) болуп өткөн бийлик алмашуу, өлкөбүздөгү саясий, социалдык-экономикалык өзгөрүүлөр ж.б. натыйжасында элдин нарк-насили, дөөлөттөрү, каада-салттары, стереотиптери, социалдык жүрүм-туруму ж. б. кескин өзгөрүүлөргө дуушар болууда. Ошондой эле бүгүнкү күндө илим менен техниканын болуп көрбөгөндөй өнүгүшүнүн натыйжасында адам турмушу түп тамырынан өзгөрүүгө учурап, адамдын жашоосун коштогон буюмдар дүйнөсүнүн тез өзгөрүшү

DOI:10.26104/IVK.2019.45.557



социалдык өз ара мамилелердин карым-катыштардын өзгөрүшүнө алып келүүдө [1].

Бүгүнкү күндө коомдун өнүгүүсү, өзгөрүүсү өтө тездик менен жүрүп жаткан учурда коомдо орун алган көйгөйлүү маселелерди чечүү жана жаш муундарды улуттук негизде инсан катары калыптандыруу талабы социалдаштыруу жана мамилелердин тутумун өздөштүрүү процессинин мыйзам ченемдүүлүктөрүнүн механизмдерин, шарттардын, факторлорун, каражаттарын, жолдорун ж. б. өзгөчөлүктөрүн актуалдуу кароо зарыл.

Психология, педагогика илимдеринде эң чоң орчундуу маселелер инсан, инсанды калыптандыруу деп айтылган. Инсан айланасындагы адамдар менен ар кандай карым-катышта болот. Ар бир адамдын айланасындагы адамдар менен болгон мамилеси өзүнчө тутумду түзөт. Мына ошол тутумдун мазмуну, мүнөзү, өзгөчөлүгү адамдын кандай тарбиялык таасирлерге туш болушуна, анын инсан катары социалдуусуна (мазмунуна, өзгөчөлүктөргө ээ болушуна ж. б. өз таасирин тийгизет). Инсан болууда, балдар ар кандай социалдык топтордо мүчө болуп кирип, алардын иш-аракетинин мазмунун өнүгүү деңгээлин аныктайт. Баланы инсан катары социалдаштыруусунда үй-бүлөнүн жана жакын туугандардын, бала-бакчанын, мектептин, окуу жайлардын, эмгек коллективдеринин жана жалпы эле коомдун идеологиясынын таасири чоң. Айрыкча, социалдаштыруу процессинин ишке ашуусунда үй-бүлөнүн ролу өзгөчө. Кыргыз элдик педагогикасындагы инсанды социалдаштыруунун өзгөчөлүгүн ачып берүү үчүн эң негизги социалдаштыруу институту болгон кыргыз үй-бүлөсүнүн инсанды тарбиялоо өзгөчөлүктөрүнө кеңири токтололу. Инсан катары баланын калыптануусу үй-бүлөдө жакын адамдары менен болгон мамилелешүүдө баланын башка адамдарга карата көз каранды абалдан өз алдынчалыкка (өз көз карашына, каалоосуна ылайык жүрүм-турум жасоого) өтүү позициясынын калыптануусу менен коштолот.

Кыргыз элинде баланы тарбиялоо үй-бүлөдө балага жашоо тиричиликтин негизин түзгөн көндүмдөрдү үйрөтүүдөн башталат. Алсак, балдар өтө жаш кезинен баштап өз убагында туруп жуунууга, өзүнө тиешелүү буюмдарын таза сактоого, улуулардын айткандарын аткарып, турмуш-тиричиликке аралашууга, өзүнөн улууларга сый-урмат менен мамиле жасоого үйрөтөт.

Үй-бүлөдөн балдар адамдар менен карым-катыштын өз ара таасир этүүлөрдүн алгачкы көндүмдөрүнө ээ болушат; эң алгачкы жолу эл тутулган жана кастарлаган ролдорду (жыныстарга тиешелүү ролдор, элдин жашоо образы, адаттары ж. б.) өздөштүрүшөт, алгачкы жолу социалдык нормалардын жана дөөлөттөрдүн айланасында ой жүгүртүшөт, алардын өз жүрүм-турумунда колдонууну үйрөнүшөт. Үй-бүлөдө бала өзү жашаган элдин, улуттун каада салтын үрп адаттарын, жашоо образын, баарлашуу ишмердик өзгөчөлүктөрүн ж. б. үйрөнүү аркылуу инсан жана ошол элдин уулу катары жетиле баштайт [2].

Үй-бүлө өзүнүн мүчөлөрүнө коомдук аң сезимди, өз элинин ыймандык-адептик эрежелерин, жүрүм-турумун адаттарын, стереотиптерин жеткирүүнү, өз мүчөлөрүн тарбиялоону, үй-бүлөдө өз ара мамилелешүү салттарын, чоң муундун кичине муунга үйрөтүүсүн ыймандын рухий тарбия берүүсүн ишке ашырат. Үй-бүлөдө социалдаштыруу бир жактуу процесс эмес, эки жактуу процесс, ата-эне балага гана тарбиялык таасир этпестен балдар да ата-энесине тарбиялык таасир этип аларды өзгөртөт, коомдогу өзгөрүүлөргө ылайык социалдаштырат. Үй-бүлөдө социалдаштыруу жүргөн мезгилде социалдаштыруунун агенттери ата-эне, бир туугандар, чоң-ата, чоң-эне, жакын туугандар, кошуналар,чөйрө ж. б. болуп саналат.

Эң негизги социалдаштыруу институту болгон үй-бүлөнүн балдардын ролу сөзсүз түрдө коомдун тибине, анын салттарына, маданий нормаларына, идеологияларына көз каранды болот. Азыркы мезгилдеги үй-бүлөдо ажыраш көбөйүшү, аз балалуу болуу, атанын үй-бүлөдөгү позициясынын, атанын үй- бүлөдөгү позициясынын төмөндөшү аялдардын эмгек менен камсыз болушу ж. б., социалдык ролдун өзгөрүүлөргө карабастан, үй-бүлөнүн балдарды социалдаштыруудагы ролу эң жогорку боюнча кала берет. Эң башкысы бала үй-бүлөдөн алган социалдык тажрыйбаларын, жүрүм-турум көдүмдөрүн коомдун бүт башка чөйрөсүндө (коомдо, бала бакчада, мектепте ж.б. социалдык чөйрөдө) колдоно алат жана үй-бүлөдөн үйрөнгөн билимдери, билгичтиктери ж. б. баланын кийинки топторго кирүүсүнө негиз болот.

Ар куракта баланын үй-бүлөдөгү орду, ролу ж. б. өзгөрүп турат жана ошолорго жараша анын социалдашуусу да өзгөчөлүктөргө ээ болот. Мисалы: Өспүрүмдөрдүн социалдашуусунда үй-бүлөнүн ролу өзгөчө. Бул куракта баланын үй-бүлөдөгү орду ролу өзгөрүп жоопкерчилиги артып, үй-бүлө тиричилигине кол кабыш кылып тарбияланат жетилет.

Кыргыз үй-бүлөүндө эң башкысы өспүрүмдөрдү жүрүм нормларын үйрөнүүгө жана аны нарк- насил баалуулук катары тутунуусун тарбиялоого өзгөчө көңүл бурулат; өспүрүмдөр үй-бүлө тиричилигине байланыштуу жумуштарды аткрып эмгекке аралашып жүрүп адамдар менен мамилелешүүнү үйрөтүшөт. Эрте жашынан жоопкерчилик сезими калыптандырылат. үй-бүлөдө инсандын клыптануусу үй-бүлөдөгү психологиялык маанайга жараша аныкталат. Анткени психологиялык маанай үй-бүлөнүн бүт жагдайларына өз таасирин тийгизип үй-бүлө мүчөлөрүнүн инсан катары калыптануусун өзгөчөлүктөргө учуратат.

DOI:10.26104/IVK.2019.45.557



Жогорудагы кыргыз элдик педагогикасындагы социалдаштыруу каражаттарын жана институттарын талдоо кыргыз элинин социалдштыруу сапаттрынын өзгөчөлүктөрү катары төмөндъгүлөрдү белгилөөгө негиз болот [3].

1. Кыргыз элинин социалдаштыруу сапатында балдар улуулар менен жүрсө улуулардан үлгү алган, каада салттарды аткара билүүгө үйрөтүлүп барылган.

2. Салтуу коомдо жүрүм-турум нормаларын бекем сактоо талап кылынып коомдогу ар бир адамдын өз ордуна ээ экендигин чектелет.

3. Чоң адамдар менен иштөөдө тарбиялык социалдаштыруусун эске алуусу зарыл.

4. Эл ичиндеги оюндар, эс алуулар бош убакытта өткөрүү, спорттук оюндар менен коштолгон жана алардын тарбиялык мааниси чоң болгон. Оюн аркылуу балдарда элдин жашоо образы менен биргеликте инсандык сапаты да калыптандырылат.

5. Тарбия берүүдө чекти ченемди билүү жана сактоо сапаты азыр инсанга өтө зарыл түрдө керек. Анткени: акчага, терс көрүнүштөргө, батыштын жылаңач маданияты чекти сактоого жаштарыбызды көнүктүрүп терс жүрүм-турумдарды жасоого түрткү берүүдө.

6. Балага психологиялык колдоо көрсөтүүнү жолго коюлушу (уручулук, колективдүү үстөмдүк).

7. Жалпысынан кыргыз элинде баланы социалдаштыруу анын «Адам болуусуна» багытталат. Кыргыз эли баланын «Адам болуусуна» түшүндүрүүдө өзүнө мүнөздүү эмприкалык көз караштардын системасын жараткан. Ар бир нерсеге мамиленин жүрүм-турумдун этикети боюнча «Адам болуусуна» үлгүсү критерийи бар. Адам болуу (же адам болбоо) - өсүп келе жаткан балдардын, кыздардын коомдогу соиалдык жүрүм-турум нормаларына ээ болуусу өзүнүн социалдык структурасына жана бөлөк адамдар менен карым-катыш жасоого кырдаалына ылайык социалдык күтүүлөргө жүрүм-турумун жасай алуусу зарыл.

Демек жогоруда айтылгандай тарбиялоодо үй-бүлънүн ролу маанилүү.

Ошондуктан тарбия үй-бүлөнүн башаты дегендей баланы ар тараптан өнүктүрүү туруктуулукка, эрктүүлүккө, чыдамкайлуулукка, сабырдуулукка, кечиримдүүлүккө, ата мекенин сүйүүгө үйрөтүү ар бир ата-эненин милдети.

Бул стратегиялык тарбия ар бир баланы өз укугун, эркин билүүгө үйрөтүп жана дүйнөнү таанып билүүгө мүмкүнчүлүк берет.

**Адабияттар:**


1. Азизходжаева Н.Н. Педагогические технологии и педагогическое мастерство. - Ташкент, 2003. - 192 б.
2. Сейтешев А.П., Абдыкаримов Б.А. Научные основы профессионально-технической педагогики. - Алмата: Полиграфия, 1992 - 432 с.
3. Мамбетакунов Э.М. Педагогиканын негиздери. - Бишкек, 2008.
4. Апышев Б. Педагогика. - Ош, 1993.


**Рецензент: к.пед.н., доцент Даминова И.**